УДК:364 (078)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-817-823

**Бекбоева А.К.**
философия илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

## «СОЦИАЛДЫК ЗАКАЗ” КЫРГЫЗСТАНДА СОЦИАЛДЫК САЯСАТТЫ ИШКЕ АШЫРУУНУН МЕХАНИЗМДЕРИНИН БИРИ КАТАРЫ

**Аннотация:** Бул макалада социалдык заказдардын табияты, максаттары, көлөмү, аткаруу убактысы жана башка мүнөздөмөлөрү боюнча абдан ар түрдүү талдоого алынган.
Автордун пикири боюнча, мамлекеттик социалдык заказ – мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен социалдык-экономикалык маселелерди чечүүгө жана кызмат көрсөтүүгө багытталган социалдык долбоорлорду жана жеке иш-чараларды ишке ашыруунун формасы. Социалдык заказдын негизинде иштелип чыккан программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу этаптарды камтыры аныкталган.
Мамлекеттик заказдын негизинде аныкталган социалдык программалар - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн артыкчылыктуу багыттарын ишке ашыруу механизми экендиги тастыкталган. «Социалдык заказ» программасын ишке ашырууда, социалдык саясаттын социалдык өнөктөштүк принцибинин маанилүүлүгүн белгилей кетүү керек.
Ошондой эле, мамлекеттик социалдык заказдын милдеттери, анын негиздери, долбоорлорду ишке ашырууга конкурстун женүүчүлөрү гранттык комиссиянын курамынын тарабынан аныкталаары чагылдырылган.
Учурда, этапта дал ушул мамлекеттик программалар социалдык саясатты ишке ашыруунун негизги куралдарынын бири болуп саналаары белгиленген.

**Негизги сөздөр:** мамлекет, өкмөт, коом, адам, социалдык, саясат, социалдык заказ, долбоорлор

**Бекбоева А.К.**
кандидат философских наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## «СОЦИАЛЬНЫЙ ЗАКАЗ» — ОДИН ИЗ МЕХАНИЗМОВ РЕАЛИЗАЦИИ СОЦИАЛЬНОЙ ПОЛИТИКИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Аннотация:** В данной статье анализируются социальные заказы с точки зрения их характера, целей, размеров, сроков исполнения и других характеристик. По мнению автора, государственный социальный заказ – это форма реализации социальных проектов и частных мероприятий, направленных на решение социально-экономических вопросов и оказание услуг за счет государственного бюджета. Обозначена, что разработка и реализация программ, разработанных на основе социального заказа, включает этапы. Подтверждено, что социальные программы, определенные на основе государственного заказа, являются механизмом

реализации приоритетных направлений социально-экономического развития страны, утверждаемых Правительством Кыргызской Республики.
При реализации программы «Социальный заказ» необходимо отметить важность принципа социального партнерства социальной политики. Также отражено, что задачи государственного социального заказа, его принципы, победители конкурса на реализацию проектов будут определяться составом грантовой комиссии.
В настоящее время на данном этапе отмечается, что данные государственные программы являются одним из основных инструментов реализации социальной политики.

**Ключевые слова:** государство, власть, общество, человек, социальная, политика, социальный заказ, проекты.

**Bekboeva A.K.**
Candidate of Philosophy, associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## "SOCIAL ORDER" IS ONE OF THE MECHANISMS FOR THE IMPLEMENTATION OF SOCIAL POLICY IN KYRGYZSTAN

**Annotation:** In this article, social orders are analyzed from the point of view of their nature, goals, dimensions, terms of execution and other characteristics. According to the author, the state social order is a form of implementation of social projects and private events aimed at solving social and economic issues and providing services at the expense of the state budget. It is indicated that the development and implementation of programs developed on the basis of social order includes the stage. It is confirmed that the social programs, defined on the basis of the state order, are a mechanism for the implementation of the priority directions of the country's social and economic development approved by the Government of the Kyrgyz Republic.
When implementing the "Social order" program, it is necessary to note the importance of the principle of social partnership and social policy. It is also reflected that the tasks of the state social order, its principles, the winners of the competition for the implementation of projects will be determined by the composition of the grant commission.
Currently, at this stage, it is noted that these state programs are one of the main tools for the implementation of social policy.

**Key words:** state, power, society, people, social, policy, social order, projects.

Экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу жана коомдун башка чөйрөлөрүн башкаруу боюнча иш-чаралар социалдык заказ социалдык-экономикалык өнүгүү, илим, билим берүү, медицина, пенсиялык камсыздоо программалары түрүндө ишке ашырылат.

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2022-жылдын 4-июлундагы № 29 тескемеси менен бекитилген 2022-2026-жылдарга карата мамлекеттик социалдык заказдын программасын ишке ашыруунун алкагында коомдук пайдалуу долбоорлордун конкурсун өткөрүү максатында 2024 - жылга мамлекеттик социалдык заказдын программасын ишке ашыруу Планы бекитилген [1, 24-б.].

Ошондой эле, 2022-жылдын 21-декабрында “Эмгек мамилелери жаатындагы социалдык өнөктөштүк жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган. Бул мыйзам

долбоору социалдык адилеттүүлүк жана өнөктөштүк принциптерине шайкеш келтирүүгө, социалдык мыйзамдардагы ички карама-каршылыктарды жана боштуктарды жөнгө салуу зарылчылыгына багытталган.

Социалдык коргоо департамента Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы № 604 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык заказдын алкагында коомдук пайдалуу долбоорлордун конкурсун өткөрүү тартиби жөнүндө Жобого жана 2024 - жылга мамлекеттик социалдык заказдын программасын ишке ашыруу Планына ылайык уюштуруу иштерин жүргүзүлүүдө.

Социалдык заказ - бул социалдык маселелерди чечүүнүн негизги максаттарын жана милдеттерин, окуялардын мүнөзүн, аткаруу мөөнөттөрүн тактоочу жана процесстердин катышуучуларын жана алардын ролун аныктоочу иш-чаралардын мазмуну жана планы.

Социалдык заказдардын табияты, максаттары, көлөмү, аткаруу убактысы жана башка мүнөздөмөлөрү боюнча абдан ар түрдүү. Анын негизинде коомдук социалдык турмуштун бардык тармактарын – билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык комок, даректуу жардам, адамдардын жашоосунун жакынкы шарттарын өзгөртүүгө багытталган иш менен камсыз кылуу, жумуш орундарын түзүү жана руханий тармактарды камтыган негизги улуттук максаттарга жетүү программаларын камтыйт. Ошондой эле, адамдардын жашоосунун мазмунунун, башкача айтканда, алардын жашоо образынын жана алардын социалдык сапаттарынын өзгөрүү процесстерин камтыган программаларды өзүнчө топ бөлүп көрсөтүүгө болот: майыптар үчүн, гендердик-теңдик программалары, зомбулукка каршы жана ишкердикти өнүктүрүү программаларын белгилесек болот [2, 16-б.].

Аймактык программалар – коомдук социалдык негизги көйгөйлөрдү чечүүгө же бир катар тармактардын күчү менен мамлекеттик милдеттерди ишке ашырууга багытталган көп тармактуу программалар.

Өз кезегинде программалардын түрлөрүнүн ар бири максаттарына, көлөмүнө, кайра түзүүлөрдүн тереңдигине, программа иштелип чыгуучу деңгээлдерине байланыштуу белгилүү мүнөздөмөлөрү боюнча айырмаланган чакан типтерди камтыйт.

Азыркы этапта дал ушул мамлекеттик программалар социалдык саясатты ишке ашыруунун негизги куралдарынын бири болуп саналат.

Социалдык заказдын негизинде кабыл алынган программаларды калыптандыруунун өзүнүн өзгөчөлүгү бар. Программа бир максатты ишке ашыруунун каражаты катары иштейт. Программанын өзөгүн анын максаттуу бөлүгү түзөт, ал максатты коюудан, аныктоодон көз каранды. Негизги максат башкаруунун объектиси болгон жамааттын, коомдук мамилелердин системасынын сапаттык өнүгүшүнө багыт берет.

Максаттар “жалпыдан өзгөчөгө” принцибине ылайык түзүлөт. Ал өзүнчө компоненттерге бөлүнөт - ошол аралык максаттарга, максаттарга-каражаттарга, аларды ишке ашырууга жетишүү көз каранды.

Негизинен максаттардын алкагы коомдук өнүгүү процессин пландаштыруунун жалпы стратегиясын билдирет. Ал «социалдык пландаштыруу максаттарынын комплекстүү комплексин уюштурууга, аларды иретке келтирүүгө, органикалык айкалыштырууга, бирдиктүү, негизги максат менен байланыштырууга мүмкүндүк берет» деп орус социологу В.И.Жукова белгилеп кеткен [3, 11-б.].

Социалдык заказдын негизинде иштелип чыккан программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу төмөнкү этаптарды камтыйт:

Бул максатка жетүүнүн биринчи этабы;

- когнитивдик, маалыматтык, алар боюнча кырдаалды изилдөө, көйгөйлөрдү, ресурстарды жана перспективаларды аныктоо жүргүзүлөт.

Максатка жетүүнүн экинчи этабы:

- максаттуу - негизги максатты түзүү, аны чакан максаттарга бөлүү, "максат дарагын" куруу;
- практикалык-стратегиялык - максатка жетүү стратегиясын иштеп чыгуу, стратегияны ишке ашыруунун, максатка жетүүнүн каражаттарын жана жолдорун, иш-чараларды иштеп чыгуу жана сыпаттоо;
- уюштуруучулук - максатка жетүү үчүн зарыл болгон уюмдардын жыйындысы катары системаны түзүү, программаны ишке ашыруу, программага катышуучу уюмдардын системасын башкаруу органын түзүү;
- практикалык - тиешелүү уюмдардын системасы тарабынан программаны ишке ашыруу;
- корутундулоо же аналитикалык - жыйынтыктоо.

Социалдык саясат программалары мамлекеттик саясаттын ички эң маанилүү бөлүгү болуп саналат.

Кыргызстанда акыркы 10 жылдын ичинде көптөгөн маанилүү программалар, анын ичинде социалдык программалар кабыл алынган, мисалы:

• Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 30-декабрындагы № 1714 токтому менен бекитилген 2004-2005-жылдарга калктуу конуштардын аймактарын жерди тартипке келтирүү жана көрктөндүрүүнүн республикалык программасы кабыл алынган.

• 2005-жылга Бишкек шаарынын жарандарына медициналык жардам көрсөтүүнүн мамлекеттик кепилдиктеринин аймактык программасы, депутаттардын Бишкек шаардык кеңешинин 2004-жылдын 25-ноябрындагы № 144 чечими менен:

• 2020-жылдын 12-июнундагы № 700 кызмат көрсөтүү тармактарын өнүктүрүүнүн комплекстүү программасы [1, 25-б.].

Президенттик программаларды – Кыргыз Республикасынын Президенти демилгелеген жана бекиткен программаларды өзүнчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Аларга:

- «Майып балдар», «Жетим балдар», «Балдардын тамактануусун өнүктүрүү», «Үй-бүлөлөргө жана балдарга социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү»;
- «Социалдык турак жайларды куруу», «Жеке турак-жай курулушун мамлекеттик колдоо» кичи программасынын «Турак жай» милдеттери бекитилген.

Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 5-майындагы «Социалдык-экономикалык өнүгүүнүн мамлекеттик болжолдоо жана программалары жөнүндө» Мыйзамына ылайык иштелип чыккан Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн программалары социалдык программалардын өзүнчө жана жетиштүү өз алдынча редакциясы болуп саналат.

Мамлекеттик социалдык программаларды түзүүнүн, каржылоонун жана ишке ашыруунун жалпы тартиби өз учурунда Өкмөттүн 2004-жылдын 4-ноябрындагы № 404 токтомунда бекитилген.

Бул документте мамлекеттик программалары өлкөнүн экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн айрым багыттары боюнча эн маанилүү проблемаларды чечүү максатында иштелип чыккандыгы баса белгиленген. Социалдык долбоорлордун — элдин турмушунун денгээлин жана сапатын жогорулатуунун, эмгек шарттарын жакшыртуунун, саламаттыкты сактоону, билим берүүнү жана социалдык чөйрөнүн башка тармактарын өнүктүрүүнүн улуттук проблемаларын чечүү боюнча зор мааниси бар.

Мамлекеттик заказдын негизинде аныкталган социалдык программалар - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн артыкчылыктуу багыттарын ишке ашыруу механизми десек болот [4, 20-б.].

Программалар, эреже катары, Кыргыз Республикасында кабыл алынган социалдык-экономикалык болжолдоо мезгилине, алар: кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү, узак мөөнөттүү болуп бөлүнөт.

Мамлекеттик программалар мамлекеттик заказчынын демилгеси боюнча иштелип чыгат, анын ролунда социалдык-экономикалык саясатты ишке ашыруу үчүн мыйзамдуу түрдө бекитилген жоопту республикалык мамлекеттик органдар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө баш ийген башка мамлекеттик уюмдарга жоопкерчилик жүктөлөт.

Мамлекеттик заказчыларды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктайт, ошондуктан биз бардык социалдык программалар, анын ичинде социалдык-экономикалык өнүгүү программалары, президенттик программалардан башкасы, демилге, Министрлер Кабинетинин өзгөчө карамагына кирет деп айта алабыз [5, 22-б.].

Мамлекеттик заказчылар программаларды тзүү, ишке ашырууну уюштуруу жана аткарылышын контролдоону жүзөгө ашырат. Алар программанын иш-чараларынын жана тапшырмаларынын өз убагында жана сапаттуу аткарылышы, аларды ишке ашыруу үчүн бөлүнгөн каражаттардын натыйжалуу пайдаланылышы үчүн жооптуу.Ал эми, программалардын иш-чараларын жана тапшырмаларын аткаруучулар башкаруу органдары, ошондой эле уюштуруу жана менчигинин түрүнө карабастан, программалардын мамлекеттик заказчылары менен түзүлгөн келишимдердин негизинде иш алып барган башка юридикалык жактар болушу мүмкүн.

Маңызы боюнча, мамлекеттик программа Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан демилгеленип, көзөмөлгө алынат. Мамлекеттик социалдык заказ – мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен социалдык-экономикалык маселелерди чечүүгө жана кызмат көрсөтүүгө багытталган социалдык долбоорлорду жана жеке иш-чараларды ишке ашыруунун формасы.

Мамлекеттик социалдык заказдын милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- мамлекеттик органдардын иш-аракетинде камтылбаган же жетишсиз камтылган социалдык маанилүү маселелерди чечүү;
- мамлекеттик эмес булактардан социалдык чөйрөгө кошумча адамдык, материалдык жана финансылык ресурстарды тартуу;
- бөлүнгөн каражаттардын максаттуу жумшалышы үчүн аткаруучулардын жоопкерчилигин жогорулатуу;
- социалдык коргоо чараларынын даректүүлүгүн жакшыртуу;
- калкка социалдык кызматтарды натыйжалуу жана үзгүлтүксүз көрсөтүүнүн укуктук механизмин түзүү;
- социалдык заказды аткаруучулардын ортосундагы атаандаштыкты өнүктүрүү жана социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу;

– мамлекеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу;

– социалдык кызматтарды көрсөтүү рыногун түзүү.

Мамлекеттик социалдык заказ өлкөдөгү социалдык көйгөйлөрдү чечүүнүн жаңы ыкмасы. Эгерде мурда мамлекет социалдык көйгөйлөрдү салттуу түрдө - мамлекеттик институттарды түзүү аркылуу гана чечүүгө аракет кылса (штаткерлерге, тиешелүү жайларга ээ болуу, мамлекеттик бюджеттен туруктуу каржылоо ж.б.), анда мамлекеттик социалдык заказ

механизми киргизилгенден кийин мамлекет - туруктуу институттарды түзбөстөн - бейөкмөт уюмдарга конкурстук негизде гранттарды берүү аркылуу социалдык көйгөйлөрдү альтернативалык жол менен чечүү мүмкүнчүлүгү пайда болгон [6, 117-б.].

Мамлекеттик социалдык заказдын алкагында мамлекет коом үчүн эң актуалдуу социалдык көйгөйлөрдү аныктайт, бул көйгөйлөрдү чечүүгө каражат бөлөт.

2013-жылдын сентябрь айында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү мамлекеттик социалдык заказ программасы бекитилген, анын максаты улуттук экономиканын негизги тармактарында иш менен камсыз кылуу маселелерин жөнгө салуу болгон. 2025-жылга чейинки мезгилде жарандардын эмгек миграциясына өзгөчө көңүл бурулуп, калкты мамлекеттик социалдык жактан коргоо программасынын негизинде иш менен камсыз кылууну өнүктүрүүнүн жана эмгек рыногун кеңейтүүнүн багыттарын жана артыкчылыктарын аныктаган. Бул мамлекеттик социалдык программанын маңызы жана анын негизги багыттары жана механизмдери эмгек ресурстарын толугураак жана сарамжалдуу пайдаланууну, Кыргызстандын жарандарынын, ошондой эле жарандардын укуктарын коргоону эске алуу менен калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү боюнча чараларды активдештирүү болуп саналган [7, 41-б.].

**Мамлекеттик социалдык заказ** төмөнкүлөргө негизделет:

-калкты жемиштүү иш менен камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү;

-тышкы экономикалык байланыштарды, анын ичинде Евразия экономикалык биримдигинин мейкиндигинде кеңейтүү аркылуу эмгек рыногун өнүктүрүү;

-кесиптик жана квалификациялык көндүмдөрдү жогорулатуу аркылуу жумушсуз жарандардын санын кыскартуу;

-орто билими бар адамдарды окутуу жана кесиптик-техникалык окуу жайларын кеңейтүү;

-кошумча киреше алуу үчүн жарандарды сезондук жумуштарга тартуу ж.б.

2017-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкын социалдык жактан коргоо жана социалдык камсыздандыруу системасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик мамлекеттик социалдык заказ программасы кабыл алынган [7, 56-б.].

2020-2025 –жылдарга экинчи мамлекеттик мамлекеттик социалдык заказ программа бекитилген, ал программанын, негизин калктын социалдык жактан корголбогон катмарынын жашоо деңгээлин жана сапатын жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү саналат. Бул мамлекеттик программанын принциби социалдык теңчилик, Кыргыз Республикасынын ар бир муктаж жаранына социалдык директүү жардам көрсөтүү болуп саналган.

«Социалдык заказ» программасын ишке ашырууда, социалдык саясаттын социалдык өнөктөштүк принцибинин маанилүүлүгүн белгилей кетүү керек. Эл аралык эмгек уюмунун документтеринде социалдык өнөктөштүктүн жалпы принциптери иштелип чыккан, анын ичинде:

- сүйлөшүүлөрдө жана чечимдерди кабыл алууда тараптардын тең укуктуулугу;
- келишимдерди аткаруу боюнча бардык тараптардын бирдей милдети;
- кабыл алынган милдеттенмелерди аткаруу үчүн тараптардын милдеттүү жана бирдей жоопкерчилиги;
- үч тараптуулук принциби, башкача айтканда, үч тараптын сүйлөшүүлөрүнө катышуу: өкмөт, социалдык кызматты берүүчүлөр жана социалдык муктаждыктарына жараша социалдык жардамды алуучулар.

Социалдык өнөктөштүк – бул туруктуу заманбап коомдун жана демократиялык мамлекеттин ажырагыс институту, ал эффективдүү иштеп жаткан экономикада жемиштүү натыйжаларга

жетишүүгө мүмкүндүк берет. Коомдо бул принцип социалдык чыңалууну жеңилдете алат, механизм катары кызмат кылат, ар кандай социалдык катмарлардын жана топтордун жана мамлекеттин карама-каршы кызыкчылыктарын чындап тең салмактоого, кризистерди чечүү үчүн социалдык технологияларды түзүүгө жана коомдук өнүгүүнү камсыз кылууга өбөлгө түзөөрү шексиз.

Кыргызстандын эгемендүүлүк доору мамлекеттин социалдык саясатында кемчиликтер менен катар белгилүү ийгиликтер да бар экенин көрсөттү деп С.Айтикеев белгилеп кеткен [8, 45-б.]. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин 2019-жылдын 15-февралындагы маалыматтары 2018-жылдагы макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн оң динамикасын тастыктап, бардык пландаштырылган социалдык милдеттенмелерди камсыз кылууга мүмкүндүк берген. Алсак, 2018-жылы социалдык чөйрөнү өнүктүрүүгө мамлекеттик бюджеттин бардык чыгашаларынын үлүшү 71,2 млрд сом же 50,2%ды түзүп, бул корсоткуч 2017-жылга караганда жалпысынан 108,6 млн сомго көбүрөөк болгон [9]. Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык саясатты реформалоо жарандардын жашоо деңгээлин жана сапатын сактоого жана жакшыртууга багытталган.

Социалдык заказдын негизинде жарандарды социалдык жактан коргоо, социалдык жардам жана социалдык колдоо боюнча мамлекеттик саясат ар дайым мамлекеттин артыкчылыктуу багыты жана жүзү болуп келген. Натыйжада аз камсыз болгон жарандарды социалдык жактан коргоонун жана социалдык колдоонун негизги багыттарын жана механизмдерин каржылоого багытталган негизги мамлекеттик социалдык программаларды ишке ашыруу өз натыйжаларын берген. Калктын социалдык жактан аялуу катмарына социалдык жөлөкпул түрүндө даректүү жардам көрсөтүлүшү аныкталат. Коомдук пайдалуу долбоорлорду ишке ашырууга конкурстун женүүчүлерүн аныктоо үчүн гранттык комиссиянын курамынын тарабынан аныкталат.

"Социалдык ишкердик аркылуу ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды коомго тартуу", "Унутулуп бараткап кийимдерди кайра жаратуу катары кийимдеги этникалык стильди өнүктүрүү, «Улгайган аялдардын - саймачылардын ролу жогорулатуу", «Уздар - улутгук мурасты улантуучулар» айылдагы жумушсуз аялдардьн жумуш менен камсыз кылуу жана жаштарды ишкердикке тартуу жана башка социалдык заказдын негизинде иш жүзүнө ашып жаткан долбоорлорду белгилей кетсек болот.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Сагындыкова Н. Социалдык саясаттын укуктук ченемдери. – Б, 2019, – 245-б.
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук Программалары жөнүндөгү маалыматтар жыйнагы –Б., 2015. – 10-12-б.
3. Жукова В. И., Краснова Б. И., Социальная политика и механизм ее реализации // Общ. и приклад, политология / – М., 2007. – Гл. VII
4. Аверин А.Н. Социальная политика государства и ее ресурсы. – М.: 2012. – 174с.
5. Атаналиева Р. Принципы социальной политики социальных государств. – Б., 2017, – 144с.
6. Маткаримов, М.М. Особенности социальной политики в Кыргызстане – Б. // Интерактивная наука. – 2017. – № 12. – С. 116-118.
7. Тарбишалиев Н. Социалдык саясаттын багыттары. – Бишкек. 2012 – 123-б.
8. Айтикеев С. Социальная политика Кыргызстана: проблемы и тенденции. – Б.: 2018, – 211с.
9. Данные Министерства труда и социального развития КР. – Режим доступа: http://mlsp.gov.kg/sites/default/files/1.docx/ (1/2);http://mlsp.gov.kg/sites/default/files/1.docx/#1


**Рецензент: кандидат исторических наук, и.о. доцента Карасартова Ч. Ж.**